# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2022-жылдын 5-апрели № 48*

## Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмүн оптималдаштыруу жана жеке турак жай курулушу жана шаар куруу чөйрөсүндө иш-аракеттерин жөнгө салуу боюнча айрым чаралар жөнүндө

Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмүн оптималдаштыруу жана жеке турак жай курулушу жана шаар куруу чөйрөсүндө иш-аракеттерин жөнгө салуу максатында, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44-беренесине ылайык, Бишкек шаарынын вице-мэри Н.А.Шаршеналиевдин "Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмүн оптималдаштыруу жана жеке турак жай курулушу жана шаар куруу чөйрөсүндө иш-аракеттерин жөнгө салуу боюнча айрым чаралар жөнүндө" Бишкек шаарынын мэриясынын токтомунун долбооруна карата 2022-жылдын 31-мартындагы № НШ 06-10/428 маалым катын эске алып,

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. "Бишкек шаарынын мэриясынын Шаар куруу жана архитектура департаменти" муниципалдык мекемеси "Бишкек шаарынын мэриясынын Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаменти" мекемеси деп кайрадан аталсын.

2. Төмөндөгүлөр бекитилсин:

- Бишкек шаарынын мэриясынын Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаменти жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

- Бишкек шаарынын мэриясынын Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаментинин түзүмү 2-тиркемеге ылайык;

- Бишкек шаарынын мэриясынын Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаментинин штаттык саны 3-тиркемеге ылайык.

3. Бишкек шаарынын мэриясынын Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаментине төмөндөгүлөр өткөрүп берилсин:

- Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаментинен финансы, материалдык-техникалык каражаттары жана 6 бирдик сандагы штаты менен Бишкек шаарында жеке турак жай курулушу үчүн жер участокторуна укуктарды берүү боюнча иштерди уюштуруу иш-милдеттери;

- Бишкек шаарынын мэриясынын Көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясынан финансы, материалдык-техникалык каражаттары менен 4 бирдик штат.

4. Төмөндөгүлөр белгиленсин:

- Бишкек шаарынын мэриясынын Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаменти жеке турак жай курулушу үчүн жер участокторуна укуктарды берүү боюнча иштерди жүзөгө ашыруу бөлүгүндө Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаментинин жана Бишкек шаарынын мэриясынын Шаар куруу жана архитектура департаментинин укук мурастоочусу болуп санала тургандыгы;

- ушул токтомду ишке ашыруу Бишкек шаарынын бюджети тарабынан Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүмдөрүнө тийиштүү жылдарга каралган финансы каражаттарынын жана бекитилген штаттык санынын чегинде жүзөгө ашырыла тургандыгы.

5. Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 15-январындагы № 2 "Бишкек шаарынын мэриясынын иш-аракеттеринин айрым маселелери жөнүндө" токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 4-тиркемеси ушул токтомдун 4-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

6. Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 15-январындагы № 3 "Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмүн оптималдаштыруу боюнча айрым чаралар жөнүндө" токтомуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаменти жөнүндө жободо:

- 13-пункту төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

"13. Департаменттин иш-аракетинин максаты Бишкек шаарында жеке турак жай курулушу үчүн жер участокторуна укуктарды берүү боюнча иштерди жүзөгө ашырууга тийиштүү маселелерди кошпогондо, Бишкек шаарынын муниципалдык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлкүн башкаруу жана тескөө боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу, жер жана мүлктүк мамилелерин экономикалык-укуктук жөнгө салуу жана менчиктештирүү жаатында муниципалдык саясатты ишке ашырууну камсыздоо болуп саналат.";

- 14-пунктунда:

бешинчи абзац төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

"- жеке турак жай курулушу үчүн жер участокторуна укуктарды берүү боюнча иштерди жүзөгө ашырууга тийиштүү маселелерди кошпогондо, муниципалдык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү натыйжалуу жана сарамжалдуу башкарууну белгиленген тартипте камсыздоо;";

тогузунчу абзацта "жеке турак жай куруу үчүн жер участокторун кошуу менен" деген сөздөр алып салынсын;

- 15-пункту төмөндөгүдөй редакцияда баяндалсын:

"15. Департамент өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Бишкек шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актылары тарабынан белгиленген тартипте:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик менчигинен кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү Бишкек шаарынын муниципалдык менчигине кабыл алууну, ошондой эле башка учурларда Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан каралган муниципалдык менчикти түзүүнү жүзөгө ашырат;

- мамлекеттик сырды сактоо жана маалыматты коргоо иш-милдеттерин аткаруу менен мамлекеттик сырга жана купуя маалымат категориясына тийиштүү маалыматтарга карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген коргоо шарттамын ишке ашырат;

- Департаменттин автоматташтырылган маалыматтык тутумун түзүүнү, коштоону жана өркүндөтүүнү төмөнкү багыттар боюнча жүзөгө ашырат:

электрондук документ жүгүртүү тутуму;

Бишкек шаарынын муниципалдык мүлк объекттеринин эсеби;

муниципалдык мүлктүн электрондук реестри;

Департаменттин электрондук архиви;

Департамент жана башка жактар ортосундагы түзүлгөн келишимдер боюнча электрондук реестр.

Департамент зарыл учурда башка автоматташтырылган маалыматтык тутумдарын түзүүнү жана коштоону жүзөгө ашырат;

- Бишкек шаарынын муниципалдык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлкүн чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга, акысыз пайдаланууга бекитүүнү тариздейт;

- Бишкек шаарынын муниципалдык менчик объекттеринин реестрин жүргүзүүнү жүзөгө ашырат, тийиштүү мамлекеттик каттоо органдарында Бишкек шаарынын мүлкүнө муниципалдык менчик укуктарын каттоодо Бишкек шаарынын мэриясын көрсөтөт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Бишкек шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актыларына жана Бишкек шаарынын мэриясынын

чечимдерине ылайык, Бишкек шаарынын мэриясынын кызыкчылыктарын көрсөтүү менен, өзүнүн компетенциясынын чектеринде инвестициялык программаларды иштеп чыгууга, ишке ашырууга жана эсепке алууга катышат;

- Бишкек шаарынын муниципалдык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлкүн ижарага берүүчү катары чыгат;

- соода орундарын, павильондорду жана сактоо камераларын берүү чөйрөсүндө Бишкек шаарынын мэриясынын атынан муниципалдык кызматтарды көрсөтөт;

- мүлктүк мамилелерди жөнгө салууну жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат;

- чет өлкөлүк өкүлчүлүктөр, юридикалык жана жеке жактар менен мамилелерде өзүнүн компетенциясынын чектеринде белгиленген тартипте Бишкек шаарынын кызыкчылыктарын көрсөтөт;

- Бишкек шаарынын мэриясынын тапшырмасы боюнча, Бишкек шаарынын мэриясынын кызыкдар бөлүмдөрү менен биргеликте Бишкек шаарынын мэриясынын бөлүмдөрү болуп саналган уюмдарды, мекемелерди жана ишканаларды түзүү, кайра түзүү жана жоюу жөнүндө сунуштарды киргизет, ошондой эле даярдайт жана берет;

- Бишкек шаарынын муниципалдык мүлк объекттерине чектелген буюмдук укуктарды берүүдөн жана менчиктештирүүдөн, жер участокторуна укуктарды берүүдөн Бишкек шаарынын бюджетине каражаттардын түшүү болжолун даярдайт жана Бишкек шаарынын мэриясына берет, түшүүлөрдү камсыздоо үчүн зарыл чараларды кабыл алат, ошондой эле жогоруда саналган каражаттардын түшүүсүн контролдоону жүзөгө ашырат;

- Бишкек шаарынын жер участокторун, турак эмес фондусунун объекттерин сатуу боюнча иштерди жүзөгө ашырат, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган жер участокторун, турак эмес жайларын сатуу жөнүндө сунуштарды уюштурат жана киргизет;

- Бишкек шаарынын муниципалдык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлкүнүн наркын көз карандысыз баалоону жүргүзүү боюнча ишти уюштурат;

- өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде Кыргыз Республикасынын аймагында жана чет өлкөдө Бишкек шаарынын кызыкчылыктарын жана мүлктүк укуктарын коргоону камсыздайт;

- Бишкек шаарынын муниципалдык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк объекттерин менчиктештирүү, башкаруу жана тескөө, инвестицияларды тартуу маселелери боюнча ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгат;

- ижарага алуучулар менен ижара мамилелеринде Бишкек шаарынын мэриясынын ыйгарым укуктуу органы жана өкүлү болуп саналат;

- Бишкек шаарынын муниципалдык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрүнө укуктарды берүү маселелери боюнча белгиленген тартипте Бишкек шаарынын мэриясынын чечимдеринин долбоорлорун даярдайт, келишимдерди түзөт жана алардын аткарылышын контролдойт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ижара шарттарында мөөнөтүү (убактылуу) пайдаланууга берилүүчү муниципалдык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү пайдалангандык үчүн ижара төлөмдөрүн эсептөөнү жүргүзөт;

- жеке жана юридикалык жактардын муниципалдык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөргө укуктарды берүү жөнүндө арыздарын (өтүнүч каттарын) кароо мөөнөтүн бузууларга жол бербөө жана четтетүү боюнча чараларды көрөт;

- бошогон батирлерди эсепке алууну жүзөгө ашырат, бул батирлерди бөлүштүрүү боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын чечимдеринин долбоорлорун белгиленген тартипте даярдайт;

- Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан кабыл алынган чечимдердин негизинде турак жай аянтын жалдоо келишимин белгиленген тартипте тариздөөнү жана берүүнү жүргүзөт;

- Бишкек шаарынын муниципалдык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлкүн тескөөнүн жана пайдалануунун белгиленген тартиби бузулган учурда, өз ыйгарым укуктарынын чегинде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Бишкек шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу

органдарынын ченемдик укуктук актыларына жана Бишкек шаарынын мэриясынын чечимдерине ылайык тийиштүү чараларды көрөт;

- Бишкек шаарынын муниципалдык аймагында авто токтотмолорду жана авто коюу жайларын жайгаштыруунун келечектүү схемаларын иштеп чыгууну жүзөгө ашырат;

- муниципалдык кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү, авто токтотмолорду жана авто коюу жайларын, жарнама конструкцияларын пайдалануунун натыйжалуулугун жана Бишкек шаарынын бюджетине каражаттардын түшүүсүн талдоо жана мониторинг жүргүзөт.";

2) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 2-тиркемеси ушул токтомдун 5-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

3) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 3-тиркемеси ушул токтомдун 6-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

7. Бишкек шаарынын мэриясынын Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаменти, Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаменти жана Бишкек шаарынын мэриясынын Көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясы белгиленген тартипте:

- юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоодон өтүшсүн;

- ушул токтомдон келип чыккан башка чараларды кабыл алышсын.

8. Ушул токтом менен андагы көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы жана мыйзамда белгиленген учурларда тийиштүү мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы ырасталат.

9. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Бишкек шаарынын мэриясынын 2014-жылдын 18-июлундагы № 102 "Жеке турак жай курулуш чөйрөсүндөгү айрым ыйгарым укуктарды Бишкек шаарынын мэриясынын райондук администрацияларына өткөрүп берүү жөнүндө" токтому;

2) Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 22-январындагы № 1 "Бишкек шаарынын мэриясынын Шаар куруу жана архитектура департаменти" муниципалдык мекемесин түзүү жөнүндө" токтому;

3) Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 17-мартындагы № 23 "Бишкек шаарынын шаар куруу документтерин иштеп чыгууга тапшырыкчынын иш-милдеттерин жүктөө жөнүндө" токтому;

4) Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 17-мартындагы № 24 "Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 22-январындагы № 1 "Бишкек шаарынын мэриясынын Шаар куруу жана архитектура департаменти" муниципалдык мекемесин түзүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу токтому;

5) Бишкек шаарынын мэриясынын 2008-жылдын 14-ноябрындагы № 685-б "Бишкек шаарында жеке турак жай курулуш үчүн жер участокторун берүү боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын комиссиясын түзүү жөнүндө" буйругу;

6) Бишкек шаарынын мэриясынын 2011-жылдын 14-январындагы № 20-б "Бишкек шаарынын жаңы конуштарында азыркы турган жеке турак үйлөр үчүн жер участокторун берүү жөнүндө маселени кароо боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын комиссиясын түзүү жөнүндө" буйругу;

7) Бишкек шаарынын мэриясынын 2011-жылдын 21-июнундагы № 345-б "Бишкек шаарынын мэриясынын 2008-жылдын 14-ноябрындагы № 685-б жана 2011-жылдын 14-январындагы № 20-б буйруктарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" буйругу.

10. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын шаар куруу жана архитектура бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Бишкек шаарынын мэри** **Э.Абдыкадыров**

Бишкек шаарынын мэриясынын

2022-жылдын 5-апрелиндеги
№ 48 токтомуна
2-тиркеме

## Бишкек шаарынын мэриясынын Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаментинин ТҮЗҮМҮ




**Вице-мэр** **Н.Шаршеналиев**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 5-апрелиндеги
№ 48 токтомуна
3-тиркеме

## Бишкек шаарынын мэриясынын Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаментинин ШТАТТЫК САНЫ

| № | Кызмат орундардын аталышы | Штаттык бирдиктердин саны |
|---|---|---|
| **1. Жетекчилик** | | |
| 1 | Директор | 1 |
| 2 | Директордун орун басары | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **2** |
| **2. Документтик жана кадрдык камсыздоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| **Жыйынтыгы:** | | **4** |
| **3. Ченемдик-укуктук камсыздоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **4** |
| **4. Шаар куруу бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **4** |
| **5. Жеке турак жай курулушу бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 5 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 5 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **12** |
| **6. Техникалык тейлөөчү персонал (ТТП)** | | |
| 1 | Башкы бухгалтер | 1 |
| 2 | Бухгалтер | 1 |
| 3 | Катчы | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **3** |
| **7. Кенже тейлөөчү персонал (КТП)** | | |
| 1 | Айдоочу | 1 |
| 2 | Кызматтык жайларды тазалоочу | 1 |
| 3 | Күзөтчү | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **3** |
| **Бардыгы:** | | **32** |

**Вице-мэр** **Н.Шаршеналиев**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 5-апрелиндеги
№ 48 токтомуна
4-тиркеме

"Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 15-январындагы
№ 2 токтомуна
4-тиркеме

# Бишкек шаарынын мэриясынын Көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясынын
# ШТАТТЫК САНЫ

| № | Кызмат орундардын аталышы | Штаттык бирдиктердин саны |
|---|---|---|
| **1. Жетекчилик** | | |
| 1 | Начальник | 1 |
| 2 | Начальниктин орун басары | 2 |
| **Итого:** | | **3** |
| **2. Ленин административдик району боюнча көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 3 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 4 |
| 4 | Адис | 4 |
| **Жыйынтыгы:** | | **12** |
| **3. Октябрь административдик району боюнча көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 4 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 4 |
| 4 | Адис | 3 |
| **Жыйынтыгы:** | | **12** |
| **4. Биринчи май административдик району боюнча көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 4 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 3 |
| 4 | Адис | 2 |
| **Жыйынтыгы:** | | **10** |
| **5. Свердлов административдик району боюнча көрктөндүрүүнү жана жер пайдаланууну контролдоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 4 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 4 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **10** |
| **6. Укуктук камсыздоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| **Жыйынтыгы:** | | **5** |
| **7. Кадрдык жана документтик камсыздоо сектору** | | |
| 1 | Сектор башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **3** |
| **8. Мониторинг, талдоо жана отчёттуулук бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **4** |
| **9. Техникалык тейлөөчү персонал (ТТП)** | | |
| 1 | Башкы бухгалтер | 1 |
| 2 | Бухгалтер | 1 |
| 3 | Материалдык бухгалтер | 1 |
| 4 | Катчы | 1 |
| 5 | Архивариус | 1 |
| 6 | Көчүрүүчү-көбөйтүүчү техниканын оператору | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **6** |
| **10. Кенже тейлөөчү персонал (КТП)** | | |
| 1 | Кызматтык автомобилдин айдоочусу | 1 |
| 2 | Кызматтык жайларды тазалоочу | 1 |
| 3 | Короо тазалоочу | 1 |
| 4 | Кароолчу | 4 |
| **Жыйынтыгы:** | | **7** |
| **Бардыгы:** | | **72** |

".

**Вице-мэр** **Н.Шаршеналиев**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 5-апрелиндеги
№ 48 токтомуна
5-тиркеме

"Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 15-январындагы
№ 3 токтомуна
2-тиркеме

**Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаментинин**
**ТҮЗҮМҮ**




".

**Вице-мэр** **Н.Шаршеналиев**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 5-апрелиндеги
№ 48 токтомуна
6-тиркеме

"Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 15-январындагы
№ 3 токтомуна
3-тиркеме

**Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаментинин**
**ШТАТТЫК САНЫ**

| № | Кызмат орундардын аталышы | Штаттык бирдиктердин саны |
|---|---|---|
| **1. Жетекчилиги** | | |
| 1 | Директор | 1 |
| 2 | Директордун орун басары | 3 |
| **Жыйынтыгы:** | | **4** |
| **2. Муниципалдык жерлердин рыногу бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 4 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 3 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **9** |
| **3. Жеңилдетилген типтеги объекттер бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **6** |
| **4. Шаардык мейкиндикти өнүктүрүү жана жарнама бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 3 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 |
| 4 | Адис | 2 |
| **Жыйынтыгы:** | | **8** |
| **5. Кадр иштери, документтик камсыздоо жана коомчулук менен байланыш бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **6** |
| **6. Юридикалык бөлүм** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 |
| 4 | Адис | 2 |
| **Жыйынтыгы:** | | **7** |
| **7. Финансы жана ижара төлөмдөрүн эсепке алуу бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **6** |
| **8. Муниципалдык менчикке мониторинг жана аналитика жүргүзүү бөлүмү** | | |

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 2 |
| **Жыйынтыгы:** | | **5** |
| **9. Муниципалдык мүлктү ижаралоо жана рыноктор бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 |
| 4 | Адис | 3 |
| | **10. Муниципалдык мүлктү ижаралоо жана рыноктор бөлүмүнүн муниципалдык рыноктор маселелери боюнча сектору** | |
| 1 | Сектор башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **11** |
| **11. Муниципалдык менчикти эсепке алуу жана укук белгилөөчү документтер бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 3 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 3 |
| 4 | Адис | 1 |
| **12. Муниципалдык менчикти эсепке алуу жана укук белгилөөчү документтер бөлүмүнүн укук белгилөөчү документтер сектору** | | |
| 1 | Сектор башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **11** |
| **13. Техникалык тейлөөчү персонал (ТТП)** | | |
| 1 | Бухгалтер | 2 |
| 2 | Катчы | 3 |
| 3 | Администрациялык-чарба бөлүгүнүн башчысы | 1 |
| 4 | Архивариус | 1 |
| 5 | Көчүрмө-көбөйтүүчү техниканын башчысы | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **8** |
| **14. Кенже тейлөөчү персонал (КТП)** | | |
| 1 | Кызматтык автомобиль айдоочусу | 1 |
| 2 | Кызматтык жайларды тазалоочу | 3 |
| 3 | Имараттарды тейлөө жана утурумдук оңдоо боюнча жумушчу | 1 |
| 4 | Короо тазалоочу | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **6** |
| **Бардыгы:** | | **87** |

".

**Вице-мэр** **Н.Шаршеналиев**